| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АК-ТЕРЕКСКОГО**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

**Эл депутаттарынын VII – чакырылышынын XXI – кезексиз сессиясынын**

**Т О К Т О М У**

14-апрель 2023-жыл **№ 4** Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагынын мал башына алынуучу жайыт акысынын тарифтерин, чабандарга төлөнүүчү мал акыларын жана көчүп келүү, көчүп кетүү убактысы жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын мал башына алынуучу жайыт акысынын тарифтерин, чабандарга төлөнүүчү мал акыларын жана көчүп келүү, көчүп кетүү убактысын бекитүү боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жайыт комиттетинин төрагасы Д.Ө. Соодонбековдун маалыматын угуп, талкуулап, Ак-Терек айыл аймагынын айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагындагы малчыларга мал кошуунун баалары төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:

- Жакынкы жайытка кой - 60 сом;
- Жакынкы жайытка бодо мал - 400 сом;
- Сырткы жайытка кой - 65 сом;
- Сырткы жайытка бодо мал - 450 сом;

2. Ак-Терек айыл аймагында жакынкы жайытка көчүп кетүү күнү 1-июнь жана жакынкы жайытка көчүп келүү күнү 10-сентябрь белгиленсин.
3. Ак-Терек айыл аймагында алыскы жайытка көчүп кетүү күнү 10-июнь жана алыскы жайытка көчүп келүү күнү 20-сентябрь белгиленсин.
4. Ак-Терек айыл аймагына башка айыл аймактардын тургундарынын малдарын алыскы жана жакынкы жайыттарга чыгарбоо жагы, Ак-Терек айыл аймагынын жайыт комиттетинин төрагасы Д.Ө. Соодонбековго милдеттендирилсин.
5. Токтомду аткаруу жагын Ак-Терек айыл өкмөтүнүн башчысы Т.А. Калыковго жана жайыт комиттетинин төрагасы Д.Ө. Соодонбековго тапшырылсын.
6. Токтомду аткарылышынын көзөмөлдөө жагын муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Сугатчиева Гульнар Жекшенбековнага милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**

**Жооптуу катчы** **М.Б. Эсеналиева**